- Рефлексия. Топтордо иштөө. (30 минута)
- 1-сессия. Математика боюнча 5-7-класстын окуу программасы .https://kao.kg
- 2-сессия.
- МСЕ нин ресурстарына сереп
- 5-7-класстын математика китебинин өзгөчөлүктөрү. Жумушчу дептер.
- 3-сессия. Математикалык маселелерди чечүүдөгү негизги ыкмалар.

Окутуунун ыкмасы Математикалык ой жүгүртүү жана ишмердүүлүк принцибине негизделет.

Математикалык ой жүгүртүү жана ишмердүүлүк Кембридждин баштапкы орто мектеп үчүн математика программасынын бардык бөлүмдөрүндө математикалык түшүнүктөрдү жана көндүмдөрдү колдойт.
Окуучулар математикалык ой жүгүртүп жана иштегенде, алар математика менен жигердүү алектенишет.
Алар идеяларды түшүнүүгө, ар кандай фактылар, ыкмалар жана түшүнүктөр ортосунда байланыш түзүүгө аракет кылышат.

Эгер окуучулар математикалык ой жүгүртпөсө жана иштебесе, алар мугалим көрсөткөн процесстерди аткарганы менен, бул процесстер эмне үчүн иштей турганын же жыйынтыгы эмнени билдиерин түшүнбөй калышы мүмкүн.
Туура келбестиктерди, мыйзам ченемдүүлүктөрдү жана конкреттүү көрүнүштөрдү байкоо аларды математикалык ой жүгүртүүгө жана иштөөгө шыктандырат.

Кембридж окуу процесси **активдүү окутуу ыкманы** колдойт, анда окутуу жана үйрөнүү ар бир окуучунун тажрыйбасына жана муктаждыктарына ылайыкташтырылган.

Окуучуларга математикалык маселелерди чечүүдө жеке, топ болуп иштөө сунушталат.

Практика, рефлексия жана суроо берүү аркылуу алар өздөрүн өркүндөтүшөт.

эмне үчүн Кембриджди эл аралык билим берүү программасын (Cambridge International) тандоо керек?

Кембриджди эл аралык билим берүү системасы (Cambridge Assessment International Education) окуучуларды жашоого даярдап, аң-сезимдүү кызыгуу жана билимге болгон кызыгууну өнүктүрүүгө жардам берет. Кембридж эл аралык билим берүү программасы Кембридж университетинин бир бөлүгү.

Эл аралык квалификациялар (дипломдор) дүйнөдөгү алдыңкы университеттер жана иш берүүчүлөр тарабынан таанылган, бул окуучуларга жана студенттерге билим берүү жана карьерасында кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

Программалар жана квалификациялар эл аралык билим берүүнүн дүйнөлүк стандартын түзөт. Алар предметтик адистер тарабынан иштелип чыгып, академиялык тактыкка негизделген жана акыркы билим берүү изилдөөлөрүн чагылдырат. Алар окуучулардын бир баскычтан экинчисине өтүшүнө бекем негиз түзүп, окуу ресурстары менен жакшы камсыздалган.

Кембридж окуу праграммалары миссиясы — мектептик билим берүү үчүн эл аралык программалар жана квалификацияларды сунуштоо аркылуу билим берүүгө салым кошуу менен бул багытта дүйнөлүк лидер болуу.

Негизги артыкчылыктар

Кембриджди баштапкы орто мектепке арналган математика программасы (Cambridge Lower Secondary Mathematics) өмүр бою сакталуучу аналитикалык жана рационалдуу ой жүгүртүүгө болгон кызыгууну өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Окуучулар предметти терең түшүнүп, өзгөчө көңүлдү принциптерге, мыйзамченемдүүлүктөргө, системаларга, функцияларга жана алардын өз ара байланышына бурушат. Бул программанын окуучулары математикалык жактан компетенттүү болуп, күнүмдүк турмушта колдонууга ыңгайлуу эсептөө көндүмдөрүнө ээ болушат.



Кембридждин баштапкы орто мектепке арналган математика программасынын уникалдуу өзгөчөлүгү — **«Математикалык ой-жүгүртүү жана ишмердүүлүк» бөлүмү.**

Бул бөлүмдө окуучулар бири-бири менен баарлашып, идеяларды талашып, өз божомолдорун жана чечимдерин далилдер менен бекемдөөгө үйрөнүшөт.

Окуучулар математикалык түрдө ойлонуп жана иш алып барганда, идеяларды аңдап түшүнүүгө жана ар кандай фактылар, ыкмалар жана түшүнүктөр ортосунда байланыш түзүүгө активдүү умтулушат.

Бул жогорку деңгээлдеги ой жүгүртүүнү өнүктүрүп, окуучуларга дүйнөнү математикалык көз караш менен кабыл алууга жардам берет.



Программанын түзүлүшү баштапкы орто мектептин бардык этабында математикалык билимдерди жана жөндөмдөрдү үзгүлтүксүз өнүктүрүүнү камсыз кылуу үчүн иштелип чыккан.



Окуучулар өздөрүнүн математикалык көндүмдөрүн төмөнкү бөлүмдөрдө системалуу түрдө өнүктүрүшөт:

- **Сандар**
- **Алгебра**
- **Геометрия жана өлчөөлөр**
- **Статистика жана ыктымалдык**

Ошондой эле алар математикалык түшүнүктөрдүн өз ара байланыштарын аңдашат.



Сандар» бөлүмү — математика программасынын негизин түзөт.

Окуучулар сан системасын изилдеп, улам татаалдашкан эсептөөлөрдү жүргүзүүгө мүмкүндүк берген негизги эсептөө көндүмдөрүн өнүктүрүшөт.

Бул бөлүмдө алган билимин жана көндүмдөрүн окуучулар математиканын башка бөлүмдөрүндө да колдонушат.



«Алгебра» бөлүмү баштапкы этаптагы алгебрага чейинки түшүнүктөргө негизденип, окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн жана мыйзамченемдүүлүктөрдү жана эрежелерди табуу жана жалпылоого жөндөмдүүлүгүн бекемдейт.

Окуучулар алгебралык жана графикалык ыкмаларды колдонуп, математикалык мамилелерди сүрөттөшөт жана моделдештиришет, ошондой эле чыныгы жашоодогу маселелерди чечишет.

«Геометрия жана өлчөөлөр» бөлүмүндө окуучулар мейкиндиктик ой жүгүртүүсүн өнүктүрүп, ар кандай контексттерде сандык көндүмдөрүн колдонууга үйрөнүшөт. Алар чыныгы жашоодогу маселелерди көз алдына элестетип, так геометриялык моделдерди түзүү үчүн математикалык шаймандарды жана санариптик технологияларды колдонууга үйрөнүшөт.

«Статистика жана ыктымалдык» бөлүмүндө өзгөчө көңүл статистикалык изилдөө циклине (СИЦ) бурулат.

Бул окуучуларга күнүмдүк жашоодо кездешкен маалыматтарды түшүнүүгө жардам берет, ал маалыматтар көбүнчө алардын билишкен ыкмаларынан башкача формада берилет. Ошондой эле окуучулар маалыматтардын бурмаланып берилген учурларын, мисалы, массалык маалымат каражаттарында же жарнамаларда, таанып-билүүгө үйрөнүшөт.

Окуу китептери : Презентация. Математика кырг 5-7-кл (1).pptx